ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК:821:398.3: 297(575.2) (04) DOI:10.35803/1694-5298.2021.4.629-6

**САБЫР УУЛУ АМАНГЕЛДИ**
[1]КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту
[1]АН КР Научно-исследовательский институт языка и литературы имени Ч. Айтматова

**SABYR UULU AMANGELDI**
[1]Academy of the KR research institute of Language and Literature named after Ch. Aitmatov
amansabyrtegin@gmail.com

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЖАНА ИСЛАМ ДИНИНДЕГИ ФИЛОСОФИЯЛЫК ПАРАЛЛЕЛДЕР

## ФИЛОСОФСКИЕ ПАРАЛЛЕЛИ В ЭПОСЕ «МАНАС» И РЕЛИГИИ ИСЛАМ

## PHILOSOPHICAL PARALLELS IN THE EPIC "MANAS" AND THE ISLAMIC RELIGION

*Көчмөн маданияты динге болгон көз карашы эркин жана гумандуу болгонун белгилесек болот. Ислам дини көчмөл элдеринин мамлекеттик идеологиясына айлана электе буддизм, манихейлик, несторияндык диндин көрүнүктүү өкүлдөрү диний ишенимдерин эркин эле таратып, жайылтып турушкан. Ошондуктан мындай процесстер Орто Азияга диний кыймылдардын бат-баттан келип турушуна шарт түзгөн. Буддизм, манихейлик, несторияндык жана ислам маданияттары менен тарыхый айкашуу болуп турса да, ислам динин кабыл алуусуна кандай фактор таасир этти. Теңирчилик дүйнөтаанымы менен калыптанган кыргыз маданияты буддизм, манихейлик, несторияндык окуулардын кайсы баалуулуктары менен шайкеш келген эмес жана четке кагууга кайсы факторлор таасир эткен. Ал эми ислам дини кыргыз маданиятына сиңип кетүүдө эки чоң маданияттын ишенимдери паралел коюлуп, салыштырылып каралат. Айрыкча, манасчы С. Орозбаков менен ислам философу аль-Газалинин "Алла Талланын" болмушуна диний-философиялык өңүттөн алганда окшоштук жактары салыштырып каралат. Эмне үчүн ислам динине артыкчылык берилип, кабыл алууда чоң рол ойногон факторлор илимий талдоого алынып, обьективдүү баа берилмекчи.*

***Өзөк сөздөр:*** *ислам, жадидчилик, суфизм, ясавия, таухид, монотеизм, теңирчилик, маданият, трансформация.*

*Можно отметить, что кочевая культура была свободной и гуманной с точки зрения религии. До того, как религия ислам стал государственной идеологией кочевых народов, видные представители буддизма, манихейства, несторианства свободно распространяли свои религиозные убеждения. Поэтому такие процессы способствовали притоку религиозных движений в Среднюю Азию. Хотя буддизм, манихейство, несторианство и исламская культура исторически пересекались с кочевой цивилизацией, возникает вопрос, какой фактор повлиял на их принятие или отклонение религиозных убеждений. А когда ислам проникает в кыргызскую среду, происходит слияние двух великих культур в одно целое. Будет проведен научный анализ и объективная оценка того, почему исламу уделяется приоритетное внимание и факторы, играющие большую роль в его принятии.*

***Ключевые слова:*** *ислам, суфизм, жадид, ясавия, таухид, монотеизм, тенгриантство, искусство, трансформация.*

*It can be noted that the nomadic culture was free and humane from the point of view of religion. Before the religion of Islam became the state ideology of nomadic peoples, prominent*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*representatives of Buddhism, Manichaeism, Nestorianism freely spread their religious beliefs. Therefore, such processes contributed to the influx of religious movements in Central Asia. Although Buddhism, Manichaeism, Nestorianism, and Islamic culture have historically overlapped with nomadic civilization, the question arises as to what factor influenced their acceptance or rejection of religious beliefs. And when Islam penetrates into the Kyrgyz environment, two great cultures merge into one. There will be a scientific analysis and objective assessment of why Islam is given priority and the factors that play a big role in its adoption.*

***Key words:*** *islam, tawhid, monotheism, tengrianism, art, transformation, sufism, yasavia, zhadid.*

«Манас» эпосундагы ислам дининин башатын Манас баатырды ислам динине киргизүү мотивдери менен баштагым келип турат. С. Орозбаков жана Тоголок Молдонун варианттарында Ошпурдун колунда кой кайтарып жүргөндө кайберендер жолугуп, «Өзгө tууган – урук жок // Өзүнөн бөлөк улук жок // Өкүмүнө чара жок // Өзү бар да, андан бала жок» деп кудайдын жалгыздыгы тууралуу айтып, ал кайсы жерде жашайт деп сураганда « Көкүрөк, жүрөк, дилиңиз // Кудаанын үйү экен деп // Куп ошондой билиңиз» көкүрөк жан-дүйнөдө жашаарын белгилейт. Эскерте турчу жагдай, Тоголок Молдонун вариантында кудайдын бирлигин жана маңызы жөнүндө айтып келип: «Кайраттанып, **Казат жолуна түш деди** // Маңдайыңда башың турат // Баатырлык кылар чагың турат» деп үгүттөп, колдоочу Кызыр Ильяз, жолдошуң Алмамбет, Сыргак, Бакай келээрин эскертет. Ал эми, С. Орозбаковдун вариантында кудайдын бирлигин айтып, ал кайсы жерде жашаарын айтып, көздөн кайым болушат.

Ислам дини тууралуу экинчи кеңири маалыматты Манас салбуурунда көңүл ачып жүргөндө Эмилдин Сары-Суусунан Айкожого жолугат. Манас алыстан даарат алып, намаз окуп аткан адамдарды көрүп, алардын жанына келет. Мукамед пайгамбардын өкүмү менен Манаска жолугам деп беш жүз жылдан бери күтүп жүргөн Айкожо сүйүнүп, ислам диндин өзөгү тууралуу айтып берет. Биринчиден, кудайдын улуулугун жана өзгөчө зат экенин айтып беришет. Экинчиден, пайгамбардын ата-теги, кылган иштери, өң-түстөрүнөн бери сыпаттап берет. Үчүнчүдөн, периште жөнүндө айтып, анын сыпаты жөнүндө кеп козгойт. Төртүнчүдөн, динге кирбегендерди Али Мустапа (казат) күч менен киргизгенин белгилейт. Ушулардын баарын айтып келип, Манастын тутуп жүргөн дини – башкача экен деп «оозуна түкүрүп коет» да «тозок» менен «бейишти» көргөзөт. Ошондон кийин гана ислам динин кабыл алуу жөнүндө ойлонот.

Биздин оюбузча, С. Орозбаков дагы, Тоголок Молдо дагы Манаска кудайдын бирлигин жана дин тууралуу маалыматты берүүдө кайберен жана Айкожону пайдаланган. Экөөнүн окшоштук жактары көп. Бирок, көк бөрү болуп кубулуп келген кайберен теңирчилик дүйнөтаанымы тууралуу айтып кеткен. Ал эми, Айкожо ислам дини тууралуу айтып, ислам динине киргизип, казат жолуна салып кетип жатат. Анткени, «Манас» эпосунда архаикалык катмар, баатырлык доордун катмары жана соңку катмардын бирдиктүү системасы болгондуктан, көк бөрү болуп кубулган кайберен сыяктуу мотивди соңку доордо Айкожонун келиши менен киргизген деген ойдомун.

Эми, кудайдын маңызы тууралуу Манаска айтып жатканда С. Орозбаков жана Тоголок Молдонун варианттарынан мисал келтире кетейин :

«Бирлигин анык бил! —деди.
Кубаттуу болот тирлигиң,
Кудаанын билгин бирлигин,
Көрбөй туруп ынанып,
Көңүлдөн чыгар кирлигин.
Бар деп билгин, катаа жок,
Туудурду дебе, ата жок,
Тууду дебе, эне жок,
Бир жараткан кудаага,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Туш келишер неме жок.
Өкүмүнө чаара жок,
Өзүнөн бөлөк даана жок,
Өзү бар да, бала жок.
Өзгө тууган, урук жок,
Өзүнөн бөлөк улук жок!
Бир жараткан кудайы.
Билгин угуп жудайын.
**Кулак, мурун, көзүндө,**
**Куп аралаш өзүндө** [ С.О. 219.] ал эми, Тоголок Молдодо:
«Аллада ката жок,
Туудурган ата жок,
Тууган энеси жок,
Жараткан бир кудай,
Бого тең келишер,
Эч бир нерсе жок,
**Кулак, мурун, көзүндү,**
**Ооз, тил, кол, бутунду,**
**Жараткан кудай өзү**» [3. 185-б.]. С. Орозбаковдо дагы, Тоголок Молдодо дагы кудайдын маңызы окшош айтып берилген. Бир гана С. Орозбаков «Кулак, мурун, көзүндө // Куп аралаш өзүндө» деп берсе, Тоголок Молдо « Кулак, мурун, көзүндү // Ооз, тил, кол, бутунду // Жараткан кудай өзү» деп берген. С. Орозбаков кудайдын маңызы адамда дагы бар экенин белгилесе, ал эми Тоголок Молдо сезүү органдарын кудай жаратканын белгилеп өткөн. С. Орозбаковдо исламдын сопучулук тарикат жолуна басым жасалып айтылган белгилегим келип турат.

Жогоруда келтирилген кудайдын сыпатына байланыштуу көз караштар курандын 112- Ихлас сүрөөсүндөгү ойлорго параллель келет, анда мындай айтылат: «1. Ал - Аллах жалгыз! 2. Аллах – Сомад (Беймуктаж). 3. Ал туубаган жана туулбаган! 4. Жана эч ким ага тең эмес! [4. 765] деген өзгөчөлүгүн кыргыз элинин эпосунда далма-дал кездешет. Бул сүрөө Мухамед пайгамбар көп кудайга сыйынып жүргөн адамдарга жиберилген сүрөө экенин айтып, кудай – муктажсыз, ал туулбаган жана туудурбаган, ага эч ким тең эмес деген жоопторду берген. Бул мисалдар аркылуу түрк элдеринде «теңир» сөзүнүн мааниси менен окшош экенин айткым келип турат. Көчмөн маданиятын изилдеген окумуштуулар «теңир» деген сөздүн этимологиясын төмөндөгүдөй чечмелеп келишкен.

1. “Теңгр” эки “Таң” жана “Ра” деген уңгу жана мүчөдөн туруп, биринчи сөз – күндүн чыгышы жана экинчи сөз – байыркы күн кудайынын аталышы деген жоромолдор айтылган. Күн кудайына ишенүү байыркы диний ишенимдердин негизин түзөт. Гундардын күн эли деген да ойлору, Эне-Сайлык кыргыздардын адамды өрттөп көмгөн үлгүсү, өрт — өлгөн адамды тазартат деген ойдо болушкан деген далилдерди келтиришет.

2. “Танэр” деген сөздөгү “Таң” жана “Эр” деген эки морфемага айланганы. “Таң” гунндар жана түрк тилдеринде “таң атты”, жашоонун башталышы деген түшүндүрмөсү менен кошо “Эр” – баатыр дегенди түшүндүрмөнү берген. Демек “Таңэр” – эркек башат, эркектин жолу улуу деген маанилерге келип такалат.

3. Якут изилдөөчүсү Е.В. Федорова якут тилинде “тангар” – чогултуу, жасоо, моделдөө деген сөздөрдүн чечмелөөсү менен Ааламдын жаратуучусу деген ойго келген. Айрыкча, Е.В. Федорованын жасоо, чогултуу, моделдөө деген маанилери дүйнөнү жараткан, жасаган деген мааниге барып такалат.

Айрыкча, С. Орозбаковдун вариантында Акун канга ислам дини боюнча Айкожо түшүндүрүп айтып берген жеринде кызыктуу ойлор кездешет:

**Алда Таала кубаты**
**Асман-көктүн тышында,**

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Тышта экен – деп, тим болбо
Азыр турат ушунда,
Каары катуу кашында
Аралашып өзүнө
Ичиң менен тышында» [2. 95] деген ойлордогу

«Алда Таала кубаты // Асман-көктүн тышында» деген ойлорго токтолгум келип турат. Кызыгы, мындай текстер Тоголок Молдонун тексттеринде кездешпейт.

Аль-Газалинин «Макасид ал-фаласифа» аталышындагы перапатетиктердин философиялык көз караштарын системалуу чечмелеп, алардын көз караштарына токтолгон. Ал эми, «Тахавут ал-фаласифа» деп аталган эмгегинде чыгыш перипатетиктердин көз караштарына сын айтып, өзүнүн ойлорун далилдегенге аракет көрөт. Тактап айтканда, Аристотель, Аль-Фараби, Абу али ибн Сина сыяктуу философтордун метафизикалык көз караштарына каршы чыгып, илимий-философиялык полемикага барган. Аристотелдин кудай тууралуу көз карашы мындай: «*Основной аргумент в пользу Бога есть «Первая причина»: должно быть нечто, что порождает движение, и это нечто должно само быть неподвижным и вечным, с*убстанцией и актуальностью. Но так причиняют предмет желания и предмет мысли, говорить Аристотель; они движуть, сами не находясь в движении. Так, Бог производит движение блогадаря тому, что он любим, тогда как всякая причина движение действует, будучи сама в движении (подобно бильярдному шару). Бог есть чистая мысль, потому что мысль самое лучшее. «И жизнь поистине присуща ему, ибо деятельность ума – это жизнь, а Бог есть деятельность: и деятельность его, какова она само по себе, есть самая лучшая и вечная жизнь. *Мы говорим поэтому, что Бог есть вечное, наилучшее живое существо, так что ему присущи жизнь непрерывное вечное существование, и именно это и есть Бог» [5. 227-228-бет.].* Баардык башталмалардын башатында Кудайлык маңыз жаткандыктан, ал түбөлүктүү жана беймуктаж зат экенин көргөзүп, андан жаралган дүйнө да түбөлүктү экенин көрсөткөн. Чыгыш философиясынын көрүнүктүү өкүлү Аль-Кинди, Аль-Фараби, Ибн Сина, Ибн Туфайл, Ибн Рушд Аристотелдин философиялык көз караштарын өздөштүрүп, чыгыш перипатетикалык философиялык агымды негиздешкен. Жыйынтыгында, Ыйык Курандагы Алланын кудайлык маңызын Аристотелдин көз карашынын негизинде чечмелеп, Алла баардык башталмалардын башатына негиз болгон болмуш катары эсептеп, бирок, жаратуучу, беймуктаж ж.б. сыяктуу ойлорго каршы болуп калган. Анткени, Кудай түбөлүктү зат деп айтылат жана ал баардык нерселердин башталмасы болгондон кийин, андан жаралган дүйнө да түбөлүктүү болуш керек деген жыйынтыкка келип калган. Мындай ойлорду А.С. Касымжановдун («Аль-Фараби») жана М.Н. Болтаевдин («Абу али ибн Сина – великий мыслитель, ученый-энциклопедист Средневекового Востока») пикирлеринде Аль-Фараби да, Абу али ибн Сина дагы карманышканын билдирет. Ал эми, Аль Газали Аристотелдин эмгектерин эки жылдан ашык убакыт анализдеп, андан Аль Фараби, Ибн Синанын эмгектерин окуп жүрүп, алардын көз караштарын төгүнгө чыгарып, айтылган көз караштардын негизсиз экенин 20 пункттан турган аргумент менен негиздеген. Эми Аль Газалинин көз карашында Аллахтын сыпатын мындай түшүнгөн: «Исходя из принципа ислама – мир создан Богом и божественного знания, доказывает теорию постоянности и изначальности Творца. Это не означало, что, по мнению Газали, Бог не был постаянно Творцом, а стал им в конкретное время. Наоборот, то, что знает Бог, находится вне времени и поэтому Он видит будушее не как будущее, а как настоящее. Знание Бога является вневременным, и никакого предвидения здесь нет. Будущие случайности не определены сами по себе, однако известну только Богу. Из-за того, что в вечности нет ни прошлого, ни будущего, то знание будущего для Бога является знанием настоящего" [6. 682.].

С. Орозбаковдун вариантында айтылган «Алда Таала кубаты // Асман-көктүн тышында» деген көз карашы аль Газалинин пикирлери менен шайкеш келет. Кудайдын маңызы мезгил-мейкиндик алкагына баш ийбейт, кудай «асман-көктүн тышындагы» зат

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

экенин көрсөтүп олтурат. Ошондуктан, ал үчүн өткөн чак, келер чак деген убак категориясы негизсин, ал келечекти да, өткөн чакты да учур чактай көрө билет. Кудай дүйнөнүн жаралышына чейин эле болгон жана дүйнө жок болуп кеткен учурда дагы өзүнчө обьекти катары жашай берет. Ал эми, Аристотель, Аль Фараби, Ибн Сина сыяктуу философтор кудайлык маңызды мезгил-мейкиндик категориясынын алкагына салып беришип, кудай түбөлүктү болгондон кийин материалдуу дүйнө да түбөлүктү деп айтышкан.

С. Орозбаковдун вариантындагы Акун канга жолугуп айтып турган ойлорду улайбыз:

«Тышта экен – деп, тим болбо  
Азыр турат ушунда,  
Каары катуу кашында  
Аралашып өзүңө» деген саптарында кудайлык

маңыз асман-көктүн тышында эле жашай берет экен деп тим болбой, материалдык болмушка сиңип кеткенин айтып олтурат. Ыйык Куран китебинде адамды жаратып жаткандагы окуялар кездешет, Аль Имран сүрөөсүндө адамдын жаралышы мындай айтылат: «Воистину, Иса перед Аллахом подобен Адаму. *Он сотворил эго из праха, а затем сказал ему: «Будь!» – и тот возник», ал эми, аль-Хиджр сүрөөсүндө: «Когда же Я придам ему соразмерный облик и вдохну в него от моего духа...» [7. 20-21.]* деген көз караштарында адамды топурактан жасап, адамдык өң-келбетке ээ болгондон кийин Кудайлык духтан үйлөп, жан киргизип олтурат. Тактап айтканда, асман-көктүн тышындагы Кудай адамга үйлөп, өзүнүн бөлүкчөсү менен бөлүшүп олтурат. Ошондуктан, С. Орозбаков «Алда Таала кубаты // Асман-көктүн тышында // Тышта экен – деп, тим болбо // Азыр турат ушунда // Аралашып өзүңө» деп поэтикалык көркөм табылгалар менен ырга салып берген.

Жыйынтыктап айтканда, С. Орозбаковдун вариантындагы “Манас” эпосунда ислам дининин элементтери келип кирген. Манасчы С. Орозбаковдун түшүнүгүндө “Алла Талланын” болмушу философ Аль-Газалинин философиялык көз караштары менен дал келет. Андан тышкары кудайдын учкуну адам баласына дагы өткөнүн эки инсан тең баса белгилегенин көрсөк болот. Ал эми, С. Орозбаковдун вариантында Тоголок Молдонукуна караганда ислам дининин масштабдуу чагылдырганын баамдасак туура болот.

**Адабияттар тизмеси**


1. Кубатова А. Джадидизм в Кыргызстане: Общественно-политическая и культурно просветительская деятельность джадидов (1900-1916 гг.) [Текст] / Автореферат // А.Кубатова. –Б.: 2013. - 20б.
2. Орозбаков С. Манас эпосу [Текст]:1-китеп. / С.Орозбаков. – Б.: Кыргызстан басмасы, 1995. – 570 б.
3. Тоголок Молдо Манас эпосу [Текст] / Тоголок Молдо. – Б.: Турар басмасы, 2013. – 676 б.
4. Куран китеби (112-сүрөө) [Текст] // Которгон: Шамсуддин Абдыкалык уулу. - Б.: 766 б.
5. Рассел Б. История западной философии [Текст] / Б.Рассел. – Москва: АСТ басмасы, 2018. – 1024 с.
6. История таджикской философии [Текст] // 3том. –Душанбе: Дониш басмасы, 2013. – 965 с.
7. Достоверные истории о пророках [Текст].–Бишкек: Бийиктик басмасы, 2013.– 838 с.